КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги XV сессиясынын №111/15-9 ТОКТОМУ

12-июнь, 2026-жыл **Талас шаары**

“Талас шаарынын ички көчөлөрүнө таза суу жана саркынды суу түтүктөрүн орнотуу боюнча тандалган көчөлөргө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Талас шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 9-мартындагы №01-19/860 сандуу катынын негизинде,Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын чечимине ылайык, Талас шаардык кенешинин “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Талас шаарынын ички көчөлөрүнө таза суу жана саркынды суу түтүктөрүн орнотуу боюнча тандалган көчөлөрдүн тизмесине макулдук берилсин.
2. Макулдук берилген көчөлөргө таза суу жана саркынды суу түтүктөрүн орнотуу жумуштарын каржылоо Талас шаарынын мэриясынын 3111 жана 3112 беренелерине каралган акча каражаттын эсебинен жүргүзүлсүн.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О.) жана “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев У.К) тапшырылсын.

Төрага **К.Джаныбеков**

Талас шаарынын ички көчөлөрүнө таза суу жана саркын суу тутукторун киргизуу боюнча долбоорлору.

№	Долбоорлорлордун тизмеси	Каражаты	Беренеси
1.	Э.Турсуналиев көчөсүнө У.Мадиев көчөсүнөн Больничный көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	1619727	Мэрия 3111
2.	А.Оторбаев көчөсүн У.Мадиев көчөсүнөн Больничный көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	1600000	Мэрия 3111
3.	Ж.Тагайбаев көчөсүнө А.Алдашукуров көчөсүнөн У.Мадиев көчөсүнө чейин саркынды суу түтүктөрүн орнотуу	1900000	Мэрия 3111
4.	Узакбаев көчөсү Куренкеев көчөсүнөн ден Ч.Байтереков (Заводской) көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	1400000	Мэрия 3111
5.	Ж.Койчукулов көчөсүнө У.Мадиев көчөсүнөн Больничный көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	1600000	Мэрия 3111
6.	Ы.Ырсалиев көчөсүнө Алымбековдон Ч.Байтереков (Заводской) көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	1500000	Мэрия 3111
8.	Манас көчөсүнө Ж.Турсалиев көчөсүнөн К.Токтогулов көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	1500000	Мэрия 3111
9.	Э.Турсуналиев көчөсүнө Ж.Турсалиев көчөсүнөн Үмөт Молдо көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	2500000	Мэрия 3111
10.	А.Сыдыгалиев көчөсүнө Ш.Шеркулов көчөсүнөн Шопоков көчөсүнө чейин таза суу жана саркынды суу түтүктөрүн орнотуу	3100000	Мэрия 3111
13.	Жолой уулу Тургуналы көчөсүнө Ш. Шеркулов көчөсүнүн кесилишине таза суу түтүктөрүн орнотуу	200000	Мэрия 3111
15.	Сыдыгалиев көчөсүнө Мырзалиев көчөсүнөн Үмөт Молдо көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	2013900	Мэрия 3111
16.	О.Омурбеков көчөсүнөн Усенбаев, Бердике баатыр көчөсүнө саркынды суу түтүктөрүн орнотуу	2097400	Мэрия 3111

17.	О.Омурбеков көчөсүнө Ш.Шеркулов көчөсүнөн Шопоков көчөсүнө чейин таза суу түтүктөрүн орнотуу	1000000	Мэрия 3111
18.	Б.Сарногоев көчөсүнө Шопоков, Бердике Баатыр көчөсүнүн кесилишинен Б.Сарногоев көчөсүнүн аягына чейин саркынды суу түтүктөрүн орнотуу	3076000	Мэрия 3111
19.	Бердике Баатыр көчөсүнүн кесилишине 250м. саркынды суу түтүгүн орнотуу	885900	Мэрия 3111
20.	А.Нуржанов көчөсүнө “Манас Сапат” лицейинен тупикке чейин таза суу жана саркынды суу түтүктөрүн орнотуу	1237400	Мэрия 3111
23.	Ж.Мырзалиев көчөсүнөн Үмөт Молдо көчөсүнө чейинки 1050м. аралыкта таза суу түтүктөрүн орнотуу	2116 863	Мэрия 3111
24.	Талас шаарынын Бейшенов (Янгичек) көчөсүнө аэропорттон Үмөт Молдо көчөсүнө чейин саркынду суу түтүктөрүн орнотуу	5860 000	Мэрия 3111
22.	Таза суу, саркынды суу долбоорлорунун сметалык документтерин даярдоо үчүн	2735500	Мэрия 3111